Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги

# «E-Kyzmat» мамлекеттик порталы» автоматташтырылган маалыматтык системасынын купуялуулук саясаты

Жеке маалыматтардын ушул купуялуулук саясаты (мындан ары – Саясат) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Агенттик) жана/же анын түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрү ушул Саясатка ылайык Пайдалануучунун берген макулдугу менен ала турган маалыматка карата колдонулат.

Порталды колдонуу Пайдалануучунун ушул Саясатка жана анда көрсөтүлгөн анын жеке маалыматтарын иштеп чыгуу шарттарына толук макулдугун билдирет; бул шарттар менен макул болбогон учурда Пайдалануучу Порталды колдонуудан баш тартууга тийиш.

Бул Купуялуулук саясатында төмөнкүдөй терминдер жана аныктамалар колдонулат:

- **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин «E-Kyzmat» мамлекеттик порталы (мындан ары -Портал) –** Пайдалануучулар үчүн мамлекеттик жана муниципалдык органдарда жарыяланган бош кызмат орундарына кирүү, ошондой эле аларды электрондук форматта сунуштоо мүмкүнчүлүгүн берген, Интернет түйүндөрүндөгү маалыматтык портал;
- **Оператор** – Порталдын үзгүлтүксүз иштөөсүн жана техникалык тейлөөнү камсыз кылган юридикалык жак;
- **Пайдалануучу** – мамлекеттик жана муниципалдык органдарда жарыяланган бош кызмат орундары жөнүндө маалыматтарды алуу максатында Порталга кирүү мүмкүнчүлүгүн алган, ошондой эле жарыяланган бош кызмат орундарынын тандоо этаптарына катышууну каалаган жеке жактар;
- **Контент** – эгерде ушул Макулдашууда башкача каралбаса, маалыматтык ресурстун (газета, журнал, китеп, веб-баракча ж.б.) маалыматтык-маанилүү толтурулушу, ошондой эле окурман/угуучу/көрүүчү өз каалоосу боюнча колдоно ала турган бардык маалыматтар.

1. Порталга алынуучу жана иштелип чыгуучу Пайдалануучунун жеке маалыматтары

1.1 Ушул Саясаттын алкагында “Пайдалануучунун жеке маалыматтары” деп төмөнкүлөрдү түшүнүүгө болот:

1.1.1 Пайдалануучу Порталга катталууда (эсептик жазуусун түзүүдө) өзү жөнүндө өз алдынча киргизген жеке маалыматтар;

1.1.2 Агенттиктин тиешелүү документтеринде аныкталгандай чогултулган жана/же сунушталган Пайдалануучу жөнүндө башка маалыматтар.

1.2 Ушул Саясат Порталга карата гана колдонулат.

1.3 Агенттик жалпысынан Пайдалануучулар тарабынан берилген жеке маалыматтардын тууралыгын текшербейт жана алардын жарамдуулугун көзөмөлдөбөйт. Бирок, Агенттик Пайдалануучу каттоо формасында сунушталган маселелер боюнча ишенимдүү жана жетиштүү жеке маалыматтарды берет жана бул маалыматты жаңыртып турат деп эсептейт. Туура эмес маалымат берүүнүн кесепеттери Порталды пайдалануу макулдашуусунда аныкталган.

2 Пайдалануучунун жеке маалыматтарын чогултуунун жана иштеп чыгуунун максаты

2.1 Пайдалануучунун жеке маалыматтарын Агенттик төмөнкүдөй максаттарда колдонууга укуктуу:

2.1.1 Агенттик менен макулдашуулардын жана келишимдердин алкагында тараптарды идентификациялоо;

2.1.2 Пайдалануучу менен байланышуу, анын ичинде Порталды пайдаланууга байланыштуу кабарлоолорду, суроо-талаптарды жана маалыматтарды жөнөтүү, кызмат көрсөтүү, ошондой эле Пайдалануучудан алынган суроо-талаптарды жана билдирүүлөрдү иштеп чыгуу;

2.1.3 жеке эмес маалыматтардын негизинде статистикалык жана башка изилдөөлөрдү жүргүзүү;

2.1.4 верификациялоо, тактап айтканда Пайдалануучу берген маалыматтарды тастыктоо.

3 Пайдалануучунун жеке маалыматтарын иштеп чыгуу жана аларды үчүнчү жакка берүү шарттары

3.1 Агенттик Пайдалануучунун жеке маалыматтарын ички ченемдик актыларына ылайык сактайт.

3.2 Пайдалануучунун жеке маалыматтарына карата купуялуулук сакталат.

3.3 Пайдалануучунун жеке маалыматтарын иштеп чыгууда Агенттик Кыргыз Республикасынын “Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө” Мыйзамын жетекчиликке алат.

3.4 Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий кайрылуусу болгон учурду кошпогондо, Пайдалануучу тарабынан Порталга берилген жеке маалыматтар үчүнчү жакка берилүүгө жана жайылтылууга тийиш эмес.

4 Пайдалануучунун жеке маалыматтарын коргоо үчүн көрүлүүчү чаралар

4.1 Агенттик Пайдалануучунун жеке маалыматтарын мыйзамсыз же кокустан кирүүдөн, жок кылуудан, өзгөртүүдөн, бөгөттөөдөн, көчүрүүдөн, жайылтуудан, ошондой эле үчүнчү жактардын башка укук ченемсиз аракеттеринен коргоо үчүн зарыл жана жетиштүү уюштуруучулук жана техникалык чараларды көрөт.

5 Купуялуулук саясатын өзгөртүү. Мыйзамдарды колдонуу

5.1 Агенттик ушул Купуялуулук саясатына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу. Актуалдуу редакцияга өзгөртүүлөрдү киргизүүдө акыркы жаңыртуунун датасы көрсөтүлөт. Эгерде Саясаттын жаңы редакциясында башкача каралбаса, Саясаттын жаңы редакциясы ал жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет. Колдонуудагы редакция kyzmet.gov.kg. дареги боюнча туруктуу режимде болот. Ушул Саясатка жана Пайдалануучу менен Агенттиктин ортосунда Купуялуулук саясатын колдонууга байланыштуу келип чыккан мамилелерге карата Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары колдонулууга тийиш.

6 Кайтарым байланыш

6.1 Ушул Саясатка тиешелүү бардык сунуштар же маселелер Порталдын баракчасында көрсөтүлгөн электрондук почта боюнча Порталдын администрациясына билдирилүүгө тийиш.